DOI: https://doi.org/10.69722/1694-8211-2024-58-281-288
УДК: 37

***Орозбаева А. Ы.**, улук окутуучу*
*aitbu.orozbaeva@mail.ru*
*Б. Сыдыков ат. Кыргыз-Өзбек эл аралык университети*
*Ош ш.,*
***Сакиева С. С.**, пед. илимд. доктор, профессор*
*s-sakieva@mail.ru*
*ORCID: 0009-0003-1520-3492*
*Б. Осмонов ат. ЖАМУ, Жалал-Абад ш.*

**Асаналиева М. М.**, пед. илимд. канд., окутуучу
meergul_asanalieva@mail.ru
ORCID: 0009-0009-5939-1484/print
ОшМУ, Ош ш. Кыргызстан

## КАРАТАЙ САРТБАЕВ – ӨЗ МЕЗГИЛИНИН БИРИНЧИ МУГАЛИМИ

*Макаланын мазмуну белгилүү окумуштуу, профессор Каратай Сартбаевдин эмгектерине арналган. Макалада окумуштуунун башталгыч класстарга арналган эмгектери классификацияланган. Окумуштуунун эмгектеринин орфографиялык жана стилистикалык багыты каралган. Башталгыч класстарда орфографияны окутуудагы окуучунун орфографиялык каталары классификацияланып, аларды жоюунун жолдору каралган. Орфографиялык каталарды кетирүүнүн себептери, алар менен иштөөнүн жолдору, формалары көрсөтүлгөн. Башталгыч класстын окуучуларынын стилистикалык каталары, алар менен иштөөнүн методу, формалары жана ыкмалары анализдеген. Стилистикалык каталарды кетирүүнүн себептери, алар менен иштөөнүн методикасы иштелгендиги жөнүңдөгү маалыматтар берилген. Стилистикалык каталарды жоюуда орфографиялык, пунктуациялык каталар, аларды жоюунун методикасы сунушталган. Педагогикалык чыгармачылыгынын 64 жылдан ашуун убакытын кенже мектеп жашындагы балдарды сабаттуулукка үйрөтүү, окуу жана жазууга үйрөтүүнүн методикасына, кыргыз тилинин орфографиясын, кыргыз тилинин стилистикасын, сөз түркүмдөрүн окутуунун методикасына арнап, кыргыз тилинин бул бөлүмдөрүн теориялык жана практикалык жагынан иштеген.*

***Түйүндүү сөздөр:*** *орфография, орфографиялык сабаттуулук, орфографиялык каталар, стилистика, стилистикалык каталар, тандалган эмгектер.*

**Орозбаева А. Ы.**, ст. преподаватель
aitbu.orozbaeva@mail.ru
КУМУ им. Б.Сыдыкова, г. Ош
**Сакиева С. С.**, доктор пед. наук, профессор
s-sakieva@mail.ru
ORCID: 0009-0003-1520-3492
ЖАГУ им. Б. Осмонова, г. Жалал-Абад
Асаналиева М. М., канд. пед. наук, преподователь
meergul_asanalieva@mail.ru
ORCID: 0009-0009-5939-1484/print
ОшГУ, г. Ош
Кыргызстан

## КАРАТАЙ САРТБАЕВ – ПЕРВЫЙ УЧИТЕЛЬ СВОЕГО ПЕРИОДА

*Содержание статьи посвящено трудам известного учёного, профессора Каратая Сартбаева. В статье классифицированы труды ученого для начальных классов. Рассмотрены орфографические и стилистические направления работ ученого. Классифицируются орфографические ошибки учащегося при обучении правописанию в начальных классах и приводятся способы их устранения. Показаны причины возникновения орфографических ошибок, способы и формы работы с ними. Анализируются стилистические ошибки младших школьников, методика работы с ними, формы и методы. Приведены причины стилистических ошибок, методы работы с ними. Предложены орфографические, пунктуационные ошибки, способы их устранения при устранении стилистических ошибок. Более 64 лет своей педагогической деятельности он посвятил методике обучения грамоте, чтению и письму детей младшего школьного возраста, методике обучения орфографии кыргызского языка, стилистике кыргызского языка, группам слов, работал над этими ответвлениями кыргызского языка, как язык с теоретической и практической точки зрения.*

***Ключевые слова:*** *орфография, орфографическая грамотность, орфографические ошибки, стилистика, стилистические ошибки, избранные труды.*

**Orozbaeva A. Y.**, senior lecturer
aitbu.orozbaeva@mail.ru
KUMU named after B. Sydykov, Osh
**Sakieva S. S.**, doctor of ped. science, professor
s-sakieva@mail.ru
ORCID: 0009-0003-1520-3492
ZHASU named after B. Osmonov, Jalal-Abad
**Asanalieva M. M.**, cand. of ped. science, lecturer
meergul_asanalieva@mail.ru
ORCID: 0009-0009-5939-1484
Osh State University, Osh
Kyrgyzstan

# KARATAI SARTBAEV – THE FIRST TEACHER OF HIS PERIOD

*The content of the article is devoted to the works of the famous scientist, professor Karatai Sartbaev. The article classifies the scientist's works for elementary grades. The orthographic and stylistic directions of the scientist's works are considered. The spelling errors of the student when teaching spelling in elementary grades are classified and ways to eliminate them are given. The causes of spelling errors, methods and forms of working with them are shown. Stylistic errors of younger students, methods of working with them, forms and methods are analyzed. The causes of stylistic errors, methods of working with them are given. Spelling, punctuation errors, methods of eliminating them when eliminating stylistic errors are proposed. He devoted more than 64 years of his pedagogical activity to the methods of teaching literacy, reading and writing to children of primary school age, the methods of teaching spelling of the Kyrgyz language, the stylistics of the Kyrgyz language, groups of words, worked on these branches of the Kyrgyz language. language from a theoretical and practical point of view.*

***Keywords.*** *Spelling, spelling literacy, spelling errors, stylistics, stylistic errors, selected works.*

Билим башаты – башталгыч класс. Билимдин түпкү тегинин түптөлүшү, калыптанышы, өркүндөтүлүшү башталгыч билим берүүгө таандык экендигин тана албайбыз. Кыргыз башталгыч класстарында кыргыз тилинин методикасынын илимий-методикалык жактан калыптанышына, өркүндөтүлүшүнө өзүнүн бүткүл өмүрүн арнаган инсандардын катарында белгилүү окумуштуу, педагогика илимдеринин кандидаты, профессор Каратай Сартбаев турат. Окумуштуунун башталгыч класстар үчүн түзгөн окуулуктары тажрыйбада колдонулуп, практикаланган. Башталгыч класстарга арналган эмгектери 10 томдук тандалган эмгектерге биригип басылган (Бишкек, 2013).

Профессор Каратай Сартбаевдин алгачкы эмгеги 1965-жылы басылган "Башталгыч класста кыргыз тилин окутуунун методикасы" аттуу фундаменталдык эмгекке киргизилген. Мында окумуштуу тарабынан "Грамматиканы окутуунун методикасы" бөлүмү иштелген. Бул эмгек кыргыз башталгыч класстары үчүн илимий-методикалык жагынан, теориялык жана методикалык жагынан толук иштелген эмгек катары бааланып келе жатат [8, 100-б.].

Бөлүмдө грамматикалык материалдарды окутууда морфологиялык, синтаксистик эрежелерди үйрөтүү жана окутуу системасы каралган. Эмгекте грамматиканы окутуунун төмөнкү курамы сунушталган: грамматиканы окутуунун милдети жана максаты, стилистикалык эрежелерди үйрөтүү, башталгыч мектептерде грамматика сабагы боюнча программанын түзүлүш принциби, башталгыч класстарда грамматика-орфографиялык материалдардын жайгаштырылышы, грамматиканы окутуудагы

көрсөтмөлүүлүк, грамматиканы окутуудагы китептин орду, грамматикалык материалды окутуунун жүрүшү, болжолдуу сабактын үлгүлөрү, грамматикалык талдоону уюштуруу, чейректик, окуу жылынын аягындагы кайталоо сабактарын пландаштыруу, мугалимдин сабакка даярданышы. Жогорудагы тематикалардан улам, грамматиканы окутуунун формасы, методдору, аларды практикада колдонуу жолдору автор тарабынан терең, мазмундуу берилген.

Башталгыч класстарда грамматикалык материалдар негизги окуу материалынын курамына кирет. Мындагы негизги басым сүйлөм, анын курамы, сөз түркүмдөрү, анын бөлүнүшү жана жазылышына багытталат. Эмгекте ушул принцип сакталган. Ар бир өтүлүүчү сабактын максаты жана милдети такталгандай, эмгекте грамматиканы окутууда башкы маселе катары грамматика тилдин мыйзамдарын жана эрежелерин үйрөтөрү каралган. Окумуштуу ар бир өтүлүүчү, үйрөтүлүүчү эрежелер грамматикалык эрежелерге байлангандыгын баса белгилейт. Тилдик эрежелердин оозеки жана жазуу эрежелери грамматикалык мыйзам катары кабыл алынат. Кыргыз тили граматикалык эрежелер менен толукталат жана өркүндөйт. Ошондуктан "грамматикалык мыйзамдар кылымдар бою жашайт жана уламдан-улам өркүндөп отурат жана толуктоолор менен байыйт жана такталат", - деп баса белгилейт [8, 190-б.]. Алсак, "Заттардын буюмдардын, окуялардын, кубулуштардын аттарын билгизип турган сөздөрдү зат атооч дейбиз" деген эреже төмөндөгүдөй конкреттүү фактылардын негизинде келип чыккан. Мисалы, *Абыл, Айша* деген сөздөр заттардын аттарын билдирсе, *китеп, газета, самовар* буюмдардын аттарын билгизет. *Митинг, көтөрүлүш* окуялардын аттарын билгизет. Бул конкреттүү заттар, окуялар, буюмдар, кубулуштар жалпыланып, андан кийин зат атооч сөз түркүмү жөнүндөгү бирдиктүү эреженин келип чыгышына мүмкүнчүлүк түзөт.

Окуучулардын кебинде сүйлөмдөрдү түзө билүүдө, өз ара башкаларга түшүндүрүүдө ар түрдүү кемчиликтер кездешкендигин белгилейт. Алар – 1) стилдик, 2) грамматикалык, 3) диалектикалык каталар.

1. Стилдик каталарды сөздөрдү өз орду менен пайдалана билбегендиктен, кээ бир сөздөрдү адабий тилдин нормасынан тышкары колдонгон учурлардан байкоого болот. Сөздөрдү орунсуз, артыкбаш пайдаланууну белгилеген. Мисалы, *дейт, дагы, болчу болсо* ж. б.

2. Грамматикалык жагынан болгон жетишпегендиктерге тыбыштарды туура айта албагандыктан, сөз түркүмдөрүн өз орду менен пайдалана билбөөнү киргизген. Мисалы, *бор-пор* ж. б.

3. Диалектикалык каталарды эске алуу.

Эмгекте башталгыч класста грамматиканы эки бөлүгү менен үйрөтүү сунушталган. Грамматиканын бөлүктөрү башталгыч класста жеңилдетилген формасы менен окутулгандыгы баса белгиленет. Грамматиканы окутууда методдор менен иштөө да терең иштелгендиги байкалат. Негизги метод катарында тилдик материалдарды терен үйрөтүүдө индукция, дедукция методун сунуштаган. Индукция методун колдонгон мезгилде, эң алды менен жеке-жеке грамматикалык фактылар талданат. Тыбыштардын түзүлүшү, сөздүн составы, сүйлөмдөрдүн түзүлүшү, сүйлөмдөгү сөздөрдүн өз ара байланышы сыяктуу грамматикалык айрым өзгөчөлүктөрдү байкайт, салыштырат. Андан кийин белгилүү бир аныктамага же корутундуга келет. Индукция методу жеке ой жүгүртүүдөн жалпы ой жүгүртүүгө өтөт. Дедукция методу грамматикалык материалдарды түшүндүрүүдө жалпыдан жекеге өтүү аркылуу ишке ашырылат. Бул методдор грамматикалык талдоолорду жүргүзүүдө сүйлөм, сөз, тыбыш, тамга менен практикалык түрдө тааныштырууда, окууга-жазууга үйрөтүүдө кеңири

пайдаланылат. Бул методдор окуу процессинде негизги метод катары колдонулуп, практикаланып келе жатат. Ушул методдор учурда башталгыч класстын мугалимдери тарабынан интерактивдүү методдор аркылуу колдонулуп, толукталууда. Демек, окумуштуунун бул сунуштары окуу процессинде өзүнүн актуалдуулугун жогото элек деп айтууга болот.

Окумуштуунун башталгыч класстарда кыргыз тилин окутуунун методикасы боюнча төмөнкү багыттар боюнча эмгектери учурдагы окутуу системасында колдонулуп, мугалимдик тажрыйбада колдонуп келе жатат.

1. “Башталгыч класстарда кыргыз тилинин орфорафиясын окутуу” (1-2-китеп, Фрунзе, 1983). Эмгектин аталышында көрүнүп тургандай, башталгыч класстын окуучуларына туура жана сабаттуу жазууну ишке ашыруу маанилүү болуп эсептелет. Биринчи китепте башталгыч класстардын программаларында кыргыз тилин жана орфографиясынын берилишин анализдөө, башталгыч класстардын кыргыз тили китептеринин түзүлүшү жана анда орфографиялык материалдардын алган ордун окутууга, башталгыч класстарда кыргыз тилинин фонетикалык материалдарын окутууга байланыштуу окуучулардын сөзүн жана орфографиялык сабаттуулугун арттырууга; 1-класста фонетикалык материалдарды окутуу жана окуучулардын сөзүн орфографиялык сабатын арттырууга (тыбыш жана тамга, созулма жана кыска үндүүлөрдүн жазылышы, э жана е тамгалары катышкан сөздөр; түгөйлөш үнсүз тамгалардын туура айтылышын жана катасыз жазылышын үйрөтүү, б-п тамгаларынын сөздө туура жазылышы, в-ф тамгаларынын сөздө туура жазылышын, к жана г тамгалары катышкан сөздөрдүн айтылышын жана жазылышын үйрөтүү, е, ё, ю, я тамгалары катышкан сөздөрдү орфографиялык жактан туура жазууга үйрөтүү, муун жана ташымалдоо, адамдын атынын, фамилиясынын баш тамга менен жазылышын үйрөтүү) арналган теориялык, практикалык жана методикалык жактан мугалимдер үчүн баалуу материалдар иштелгендиги менен баалуу. Жалпысынан алганда, эмгектин биринчи китебинде окумуштуу башталгыч класстарда орфографияны окутуунун тарыхын жана жетишкендиктерин талкуулап, фонетиканы башталгыч класстарда окутууга карата кенен талдоо жүргүзгөн. Орфографияны үйрөтүү фонетикадан башталат деген принцип менен иштелгендигин байкоого болот. Фонетика орфографияны үйрөтүүнүн көч башында турат деген пикирди алдына коёт. Окумуштуунун бул пикирлери учурдагы окуу китептеринде, методикалык колдонмолордо колдонулуп, практикаланып келе жатат [2, 62-б.].

Экинчи китепте төмөнкү маселелер: кыргыз тилин жана анын орфографиясын окутуунун орчундуу маселелери, сөз түркүмдөрүн окутууга байланыштуу окуучулардын сөзүн жана орфографиялык сабаттуулугун арттыруу, жалпы жана энчилүү аттарды окутуудагы орфографиялык жумуштар, зат атоочтун жөндөмө мүчөлөр менен өзгөрүшү жана анын жазылышын үйрөтүү, зат атоочтун таандык болуп айтылышын окутуу, зат атоочту окутууда окуучулардын кебин өстүрүү, сын атоочту окутууга байланыштуу окуучулардын сөзүн жана орфографиялык сабаттуулугун арттырууга карата методикалык иштелмелер иштелген. Экинчи китеп, жалпысынан, морфологияны окутууга арналгандыгын байкоого болот. Экинчи китепте, негизинен, башталгыч класстын окуучуларына сөз түркүмдөрүнүн окулушуна басым жасалып, аларды оозеки жана жазуу кепте колдонуунун методикасы иштелген. Окумуштуунун эмгектеринде ар бир теманын, бөлүмдүн методикасынын сунушталышында окуучулардын каллиграфиялык көндүмүнө өзгөчө басым жасалган.

Окумуштуунун эмгектериндеги экинчи багыт катары башталгыч класстарда стилистиканы окутууга өзгөчө басым жасагандыгын айта алабыз. “Башталгыч класстын окуучуларынын стилистикалык каталары жана аны түзөтүүнүн жолдору” (Фрунзе,

1972) деген эмгеги белгилүү.

Стилистикалык каталар көбүнчө окуучулардын кебинде жана жазган баяндама жана дилбаяндарында, ангемелеринде учурайт. Мында окуучулар сүйлөмдү туура түзүүдөн, сөздөрдү өз орду менен колдонуудан, сөз тизмектеринин байланышынан, сүйлөм тизмегинде бул же тигил сөздү ашыкча орунсуз кайталап колдонуудан бир топ кемчиликтерди жиберип коюшат. Мугалимдин милдети окуучулардын жазуу жумуштарын текшергенде, андагы орфографиялык жана пунктуациялык каталарды гана оңдоп, түзөтүү менен чектелбестен, окуучулардын стилистикалык каталарына да тиешелүү көңүл буруп, аны четтетүүдө турат [2, 7-б.]. Окумуштуунун башталгыч класстын окуучуларынын өздүк жана жазуу кептеринен жиберилүүчү стилистикалык каталарды окутулуучу материалдарга карата төмөндөгүдөй үч топко бөлүүгө болот деген оюна кошулууга болот [2, 10-б.]:

1) орфографиялык-морфологиялык эрежелердин бузулушуна байланыштуу жиберилген стилистикалык каталар;

2) лексикалык-морфологиялык эрежелердин бузулушуна байланыштуу жиберилген стилистикалык каталар;

3) стилистикалык эрежелердин бузулушуна байланыштуу жиберилген стилистикалык каталар. Демек, бул бөлүштүрүүлөр башталгыч класста кыргыз тилин окутуунун методикасында колдонулуп келүүдө. Бул бөлүштүрүүлөр алгачкы жолу ушул эмгекте корсөтүлүп, классификацияланган. Башталгыч класстардын окуу программасындагы окуу материалдары ушул бөлүштүрүүлөрдүн негизинде түзүлгөн [2, 20-б.]. Эмгектин түзүлүшүндө жогорудагы сунушталган бөлүштүрүүлөрдүн конкреттүү, абстрактуу, теориялык жана практикалык багыттары кошо берилген. Алар төмөндөгүчө берилген:

1. Фонетикалык эрежелерди үйрөтүүдө келтирилүүчү стилистикалык каталар. Демек, мындагы стилистикалык каталарга сөздө айрым тамгаларды алмаштырып, же түшүрүп, же ашыкча кошуп жазган каталар эсептелет. Мисалы: *мейман-мыйман, экөө-өкөө, аркылуу-аркулуу, жылуу-жулуу* ж. б. Бул сөздөрдүн айтылышы менен жазылышында ката б-в, в-ф, к-г, ж-ш тамгаларын айкалыштырып айтуудан жана жазуудан кеткендиги баса белгиленген. Ал эми катар үнсүз тыбыштар сөз башында, сөз ортосунда, сөз аягында келгенде алардын ортосуна белгилүү бир үндүүнү кошуп жазып орфографиялык-стилистикалык каталарды жиберишет. Мисалы: *илбирс-илбирис, турна-туруна, кырк-кырык*. Бул көрсөтүлгөн орфографиялык-стилистикалык кемчиликтерди четтетүүдө сөздөрдүн айтылышына жана угулушуна, жазылыш өзгөчөлүгүнө машыгуучу көнүгүүлөрдү жүргүзүү сунушталган. Автордун оюна кошулуу менен, окуучулар сөздөгү тыбыштарды фонетикалык жактан канчалык туура уга алса, так кабыл алса, ошончолук орфографиялык, стилистикалык жактан ката жиберишпейт деген сунушун колдоого болот [2,11-б.].

2. Лексикалык-морфологиялык жактан жиберилүүчү стилистикалык каталар. Синтаксистик жагынан алганда, башталгыч класстын окуучуларына жай, суролуу, илептүү сүйлөмдөр, сүйлөмдүн баш жана айкындооч мүчөлөрү, жөнөкөй жана татаал сүйлөм, төл жана бөтөн сөз окутулат.

Эмгекте стилистикалык каталардын төмөнкү этаптары берилген [2,12-б.]:

1. Сүйлөмдөрдүн ээрчишүүсүнөн жиберилген каталар. *Таэке, жакшы иштеп жатасынарбы? Анын окуусун жакшы окутат* дегендерди көрсөтүүгө болот.

2. Айрым окуучулардын кеби жарды, сөз байлыгы жетишсиз болгондуктан, бир эле түрдүү конструкциядан сүйлөмдөрдү көп кайталап түзүүгө мажбур болушат.

Сүйлөмдө ат атооч сөздөр же этиш сөздөрү көп кайталанат.

3. Сүйлөмдө бир маанилеш эки сөздү катар колдонушат. Мисалы: *Асан ал келди. Апа, мен Сизге кат жаздым эле, ошол катты алдыңызбы?*

4. Сүйлөмдү толук бүтүрө айтпастан, күмөндүүлүктү туудурган сүйлөмдөр да кездешет. Мисалы: *Бала отургузду. Гүлнар жазды.*

5. Көпчүлүк окуучулар сүйлөмдү туура түзгөнү менен, зат атооч жана этиш сөздөрдөн гана түзүү менен чектелишет. Мисалы: *Жамгыр жаады. Жаз келди. Айша алма жеди* деген сүйлөмдөр туура, бирок мааниси жагынан тайкы ой-пикирди билдирип турат. Демек, бул сүйлөмгө стилистикалык каталарын ондоо жумуштары жүргүзүлөт. Бул сүйлөмдөр *Жаан куюп жаады. Жаан себелеп жаады. Айша таттуу алма жеди* деп окутулат, үйрөтүлөт.

6. Төл жана бөтөн сөздүү сүйлөмдөрдү айтканда, бир топ сүйлөмдө татаал сөздү сүйлөмдүн баяндоочу катары колдонуулар бар.

7. Сүйлөмдөгү сөздөрдүн орун тартибин түзүүдөн кеткен стилистикалык каталар. Сүйлөмдүн баяндоочу айрым учурларда татаал сөздөрдөн турса, анын ортосуна башка сүйлөм мүчөнүн аралаштырып айтуулар жана жазуулар да жолукпай койбойт. Мисалы: *Күн жааганда көп болот экен сөөлжан* (*Күн жааганда сөөлжан көп болот экен*).

8. Сүйлөмдүн айрым мүчөлөрүн түшүрүп, өксүк формада колдонуу. Мисалы: *Абдыш келди* (Кайдан?). *Абдыш тоодон келди.*

9. Дилбаян, баяндамаларды жазууда жөнөкөй жана татаал сүйлөмдөн кетирилген стилистикалык каталар.

10. Окуучулар сүйлөмдө стилистикалык каталарды жибербөөсү үчүн, алардан толук жооп алуу үчүн суроолорду туура, туура, так коё билүүгө өзгөчө көңүл буруш керек. Мында мугалимдин суроосу башкы ролду ойнойт.

11. Окуучулардын стилистикалык жактан жиберген кемчиликтеринде орфографиялык жана пунктуациялык каталар да кездешет. Ошондуктан стилистикалык кемчиликтерди ондоого жана түзөтүүгө өзгөчө маани берилүүгө тийиш.

12. Окуучулардын кебинде көп кайталап колдонулган сөздөр да кездешет. Аларга *боло турган болсо, андан кийин, андан соң, эң күчтүү, эң сонун, эң бийик* деген сыяктуу кайталоолор кездешет.

Окумуштуу сунуштаган стилистикалык каталардын системасы учурда окуу процессинде колдонулуп, практикаланып келе жатат.

Каратай Сартбаев башталгыч класстарда кыргыз тилин окутуунун методикасынын бардык курамдары боюнча иш жүргүзгөн окумуштуу деп айтууга негиз бар. Окумуштуунун эмгектери каллиграфиялык, орфографиялык сабаттуулукка, стилистикалык эрежелерди үйрөтүүгө, фонетика, грамматикалык эрежелерди үйрөтүүнүн, сөз түркүмдөрүн салыштырып окутуунун, тилдик ар бир бөлүмдөгү окуучунун кебин өстүрүүнүн, оозеки жана жазуу ишмердүүлүктү калыптандыруунун, кыргыз тили сабагында дидактикалык материалдарды колдонуунун, кыргыз тили сабагында көрсөтмөлүүлүктү колдонуунун, кыргыз тили сабагында жат жазууну жүргүзүүнүн, жазуу жумуштарына баа коюунун өлчөмдөрүн, кенже мектеп жашындагы балдардын окуу маданиятын калыптандыруунун методикасын иштеп чыккандыгы менен баалуу. Учурда кыргыз тилин окутуунун методикасында окумуштуунун эмгектери 2-4-класстар үчүн түзүлгөн окуу китептеринде, методикалык колдонмолорунда (авторлору А. Р. Акунова, Б. С. Чокошева) колдонулуп, өркүндөтүлүүдө.

Профессор Каратай Сартбаев атындагы лаборатория И. Арабаев атындагы университетте ачылган (лаборатория башчысы – педагогика илимдеринин доктору,

профессор А. Р. Акунова). Лабораторияда окумуштуу жөнүндөгү маалыматтар, эмгектери коюлган. Университеттин Окумуштуулар кенешинин чечими менен Каратай Сартбаев атындагы төш белги, диплом, мыкты студенттерге стипендия уюштурулат. Ал эми Жалал-Абад мамлекеттик университетинде магистранттар профессор Каратай Сартбаевдин башталгыч класстар үчүн эмгектери боюнча илим-изилдөө иштерин жүргүзүп, иштеп жатышат. 2021-жылдан бери окумуштуунун эмгектери боюнча 10 магистрдик квалификациялык иш корголду. Биринчи жолу 2022-жылдын 9-декабрында университеттин башталгыч билим берүүнүн теориясы жана методикасы кафедрасы тарабынан Сартбаевдик окуулардын алкагында “Башталгыч билим берүү: теориясы, практикасы жана өнүгүү тенденциялары” аттуу эл аралык илимий-практикалык конференция уюштурулуп (уюштуруучу – профессор С. С. Сакиева), жалпы 160дан ашуун доклад окулуп, ага КМУ, НМУ, ОшМУ, ОшТУнун окумуштуулары, магистранттары, аспиранттары катышып, материалдары ЖАМУнун жарчысына (2023-1) жарыяланган. Экинчи жолу 2024-жылдын 17-майында Сартбаевдик окуулар “Заманбап башталгыч билим берүү: тажрыйбалар жана келечеги” деген аталышы менен ОшМПУнун мектепке чейинки, башталгыч билим берүүнүн теориясы жана методикасы кафедрасы тарабынан уюштурулуп (уюштуруучу – доцент Э. А. Касымбеков), 120дан ашуун докладдар окулуп, ЖАМУ, КМУ, ОшМУ, ОшТУ, Ош КӨЭАУнун окумуштуулары, магистранттар, аспиранттар катышып, окумуштуунун эмгектерин окуп-үйрөнүүнүн актуалдуулугун баса белгилешти. Конференциянын материалдары “Эл агартуу” журналына (2024-2-3) басылган.

Акырында, окумуштуунун эмгектерин түрдүү багыттар боюнча изилдөө зарыл экендигин белгилөөгө болот.

**Адабияттар:**

1. Сартбаев, К. Тандалган эмгектер. 6-том [Текст] / К. Сартбаев. - Бишкек, 2013.
2. Сартбаев, К. Тандалган эмгектер. 7-том [Текст] / К. Сартбаев. - Бишкек, 2013.
3. Сартбаев, К. Тандалган эмгектер. 8-том [Текст] / К. Сартбаев. - Бишкек, 2013.
4. Сакиева, С. С. Профессор Каратай Сартбаевдин эмгектеринде орфографиялык сабаттуулукка үйрөтүү маселелеринин изилдениши [Текст] / С. С. Сакиева, С. Ч. Осмоналиева // Илим. Билим. Техника. - 2023. - № 1 (76). - 152-156-бб.
5. Сакиева, С. С. Башталгыч класстын окуучуларынын жазуу маданиятын калыптандыруунун педагогикалык шарттары [Текст] / С. С. Сакиева, С. Ч. Осмоналиева. Федералдык мамлекеттик бюджеттик жогорку билим берүү мекемеси "Россия мамлекеттик социалдык университетинин" Кыргыз Республикасынын Ош шаарындагы филиалынын жарчысы. - 2023. - № 1 (27). - 204-210-бб.
6. Сакиева, С. С. Грамматиканы окутуунун методикасына арналган эмгектер [Текст] / С. С. Сакиева, К. Тенишова, Г. Г. Усенова // Эл агартуу. - 2024. - №2-3. -129-136-бб.
7. Сакиева, С. С. Башталгыч класстарда кыргыз тилинин орфографиясын окутуу [Текст] / С. С. Сакиева, А. Раимкул кызы, Д. К. Бакиева // Эл агартуу. - 2024. - №2-3. -136-142-бб.
8. Турусбеков, С. Башталгыч класста кыргыз тилин окутуунун методикасы [Текст] / С. Турусбеков, Э. Бердибаев, Б. Рысбекова, К. Сартбаев. - Фрунзе, 1965.